# ТТК (SIC) 10 түшүндүрмөсү
## *"Мамлекеттик жардам – операциялык ишмердүүлүк менен конкреттүү байланыштын жоктугу"*

## Шилтемелер

- *"Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар"* ФОЭС (IAS) 8
- *"Мамлекеттик субсидияларды эсепке алуу жана мамлекеттик жардам жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү"* ФОЭС (IAS) 20

## Маселе

1 Айрым өлкөлөрдө ишканаларга деген мамлекеттик жардам белгилүү бир регондордогу же өнөр жай секторлорундагы иштиктүү активдүүлүккө түрткү берүүгө жана аны узак мөөнөттүү колдоого багытталышы мүмкүн. Мындай жардамды алуунун шарттарынын ишкананын операциялык ишмердүүлүгү менен конкреттүү байланышы болбошу мүмкүн. Мындай жардамдын мисалы төмөнкүдөй ишканаларга мамлекет тарабынан ресурстардын берилиши болушу мүмкүн:

(a) конкреттүү тармакта иш алып барышкан;

(b) жакын арада менчиктештирилген тармактарда ишмердүүлүгүн жүргүзүүнү улантып жатышкан; же

(c) начар өнүккөн райондордо бизнесин жүргүзүп башташкан же улантып жатышкан.

2 Мындай мамлекеттик жардамды ФОЭС (IAS) 20нын колдонуу чөйрөсүнө киргизилген «мамлекеттик субсидия» деп эсептеп, жана, ошондуктан, көрсөтүлгөн стандартка ылайык аны эске алуу керекпи деген көйгөйлүү маселе жаралат.

## Консенсус

3 Конкреттүү региондордо же өнөр жай секторлорунда иштөө талабынан тышкары, ишкананын операциялык ишмердүүлүгүнө конкреттүү байланышкан шарттар жок болсо дагы, ишканаларга берилүүчү мамлекеттик жардам ФОЭС (IAS) 20га ылайык мамлекеттик субсидиялардын аныктамасына жооп берет. Демек, мындай субсидиялар акционерлердин үлүшүнүн түздөн-түз курамында анын көбөйүшү катары чагылдырылууга тийиш.

## Консенсустун күнү

1998-жылдын январы.

### Күчүнө кирүү күнү

Ушул Түшүндүрмө 1998-жылдын 1-августунда күчүнө кирет. Эсеп саясатындагы өзгөртүүлөр ФОЭС (IAS) 8ге ылайык чагылдырылууга тийиш.

© ФОЭС Фонду